КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
АКСЫ РАЙОНУ
КЕРБЕН ШААРДЫК КЕНЕШИ
720600 Кербен ш. Ныязалы көчөсү № 1
тел.: (0-3742) 5-02-39

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
АКСЫЙСКИЙ РАЙОН
КЕРБЕНСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ
720600 г.Кербен ул.Ныязалы № 1
тел.: (0-3742) 5-02-39

25-май 2026- жыл **№ 15/5** Кербен шаары

Аксы районунун Кербен шаардык кенешинин IX чакырылышынын
кезектеги он бешинчи сессиясы

# Т О К Т О М

## Жарандарды көмүү жана мүрзө үстүндө курулмаларды орнотуу тартиби жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Министрилер Кабинетинин 2025-жылдын 14-февралындагы № 67 “Жарандарды көмүү жана мүрзө үстүнө курулмаларды орнотуу тартиби жөнүндө нускаманы бекитүү тууралуу”, Кыргыз Республикасынын Министирлер Кабинетинин 2025-жылдын 19-августундагы № 502 “Кыргыз Республикасынын көрүстөндөрүндө көмүү жайларын брондоо тартибин бекитүү жөнүндө” токтомдоруна ылайык Кербен шаарынын мэриясынын 2026-жылдын 23-январындагы № 01-20/142 сандуу катына негиз Кербен шаардык кеңештин мыйзамдуулук, регламент, этика, социалдык, маданий, билим берүү жана саламаттыкты сактоо боюнча туруктуу комиссиясынын 2026-жылдын 21-майындагы № 15 токтомун Кербен шаардык кеңеши карап жана талкуулап IX-чакырылышынын кезектеги он бешинчи сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ :**

1. Жарандарды көмүү жана мүрзө үстүндө курулмаларды орнотуу тартиби жөнүндө Кербен шаарынын мэриясынын иштеп чыккан көмүү жайын брондоо боюнча келишимин бекитип берүүгө макулдук берилсин (тиркеме тиркелет).
2. Бул токтом мамлекеттик реестрге киргизүү жана каттоо үчүн Жалал-Абад областтык юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.
3. Токтом «www.kerben.aksy.kg» веб-сайтында жарыялангандан кийин күчүнө кирет.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Кербен шаардык Кеңештин мыйзамдуулук, регламент жана этика маселелери боюнча туруктуу комиссиянын төраагасы З.Баназаровго жүктөлсүн.

**Кербен шаардык**
**кеңешинин төрагасы** **А.Базарбаев**